УДК:159.9:159.922.6

Акмолдоева А.Ж., Байтикова Т.А.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# УЛАН-КЫЗДАР КУРАГЫНЫН ЖАШОО ЖОЛУН ТАНДОО КЫРДААЛЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада улан-кыздар курагынын кээ бир психологиялык өзгөчөлүктөрү каралган. Улан-кыздар курагы бул жашоо жолун тандоо мезгили болуп саналат.Улан-кыздар курагында жашоо жолунун варианттары каралып, анализ берилди. Бүтүндөй өзүн аныктоосу, жашоодо орун табуу этабынын башталышы бул курактын борбордук, курактык жаңы түзүлүшү болуп эсептелет.*

Улан-кыздар курагынын мезгили балалык мезгилден чоң кишилердин өз алдынча жашоо мезгилине өтүү учуру саналат. Улан-кыздар курагы өзүнүн баалуулуктары бар жашоодогу өз алдынчалыкка ээ болуу мезгили болуп эсептелет.

Улан-кыздар курагы өз ичине 13-14 жаштан 17-20-23 жашка чейинки учурду камтыган мезгил. Өз учурунда, улан-кыздар курагы эки этапка бөлүнөт:

1. Улан-кыздар курагынын алгачкы мезгили.
2. Улан-кыздар курагынын акыркы мезгили.

Ар бир мезгилдин өзүнө тиешелүү мүнөздөөчү өзгөчөлүктөрү байкалат.

Чет өлкөлүк изилдөөлөрдө улан-кыздар курагынын психологиясы тууралуу ар кандай теориялар белгилүү. *Биологизатордук теорияларда*, биринчиден, улан-кыздар курагы организмдин эволюциясынын белгилүү бир этабы катары каралат, анткени биологиялык өсүү процесстер калган өзгөрүүлөрдү детерминациялайт. Ал эми *психологиялык* теорияларда адамдын психикалык эволюциясына, аң-сезимине жана ички дүйнөсүнүн мүнөздүү жактарына көңүл бурулат.

Психоаналитикалык теориялар улан-кыздар курагын психосексуалдык өнүгүүнүн белгилүү этабы катары жана бул мезгилди адамдын индивид же инсан катары ички жан-дүйнөсүнүн өнүгүү мезгили катары карашат. Бирок бул өнүгүү ар кандай социалдык жана маданий чөйрөдө ар кандай жүрүшү мүмкүн.

Социологизатордук теориялар улан-кыздар курагын инсандын социалдашуу этабы катары карашат да, көз карандылык балалыктан өз алдынчалык, жоопкерчиликтүү чоң кишилердин жашоосуна өтүүсү менен түшүндүрүлөт. Бул багыттагы изилдөөчүлөр адам баласы келечекте өздөштүрө турган социалдык ролдордо, анын баалуулук ориентациясынын калыптанышына, эмгекке өтүү проблемаларына көңүл бурушат [10].

Улан-кыздар курагынын хронологиялык чектери психологияда ар кандай аныкталат.

Бул куракка тиешелүү “Эрезеге жетүү” деген термин өтө маанилүү. Анткени *биологиялык* жактан чоңоюу жыныстык жактан жетилүүсү, балалуу болууга жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. *Социалдык* жетилүү экономикалык көз карандысыздык, чоң адамдардын ролун кабыл алуу менен түшүндүрүлөт. *Психологиялык* жетилүү түшүнүгүн калыптанган инсан менен салыштырууга болот. Адам коомунда эрезе деңгээлине жетүүсү төмөнкү критерийлер менен аныкталат: маданият, билимдер системасы, баалуулуктар, нормаларды, социалдык каада-салттарды өздөштүрүүсү жана түрдүү иш-аракеттерди аткарууга

болгон даярдыгы ж.б. Улан-кыздар курагы физиологиялык жетилүүнүн баштапкы этабы, жыныстык жактан жетилүү менен шартталат. Улан-кыздар курагынын алгачкы мезгилинде жаңы түзүлүш болуп инсандык жактан жана кесипке карата өзүн-өзү аныктоосу саналат. Баланын эң негизги жана татаал проблемасы болуп кесип тандоо саналат [1].

Ушул мезгилде өзүн-өзү аныктоонун психологиялык базасын эң алгач чоң адамдын ички позициясын ээлөө муктаждыгы, өзүн коомдун мүчөсү катары сезе билүүсү, дүйнөдө өзүн аныктоосу түзөт. Өзүн-өзү аныктоого болгон психологиялык даярдыктын мазмуну:

- жогорку деңгээлде психологиялык түзүлүштөрдүн калыптанышы: теориялык ой жүгүртүү, илимий жана атуулдук жактан дүйнөгө болгон көз караштын негизи, өздүк аң-сезим жана өнүккөн рефлексия;
- инсандын маңыздуулугун камсыз кылган муктаждыктардын өнүгүүсү (пикир алышуудагы муктаждык, коомдун мүчөсү чоң кишинин ички позициясын ээлөөгө болгон муктаждыгы, баалуулук ориентациялары, убакыт перспективалары, адеп-ахлактык установкалар);
- жекечеликтин түзүлүшүнүн курулушу, өнүгүүнүн жана өз жөндөмдүүлүктөрүн, кызыкчылыктарын сезе билүүсүнүн жыйынтыгы катарында түшүндүрүлөт.

Кесиптик өзүн-өзү аныктоо бул жашоонун жекече стилинин калыптанышы жана коомдогу маселелеринин бөлүнүп чыгып жаткан көп тепкичтүү процесси катары каралат.

Улан-кыздар курагынын алгачкы мезгилинен акыркы мезгилине өтүүсү өзүн-өзү аныктоосунун аякташы жана өзүн ишке ашыруусуна өтүү менен мүнөздөлөт.

Улан-кыздар курагынын акыркы мезгили өз ичине 16,17-20,23 жашка чейинки мезгилди камтыйт. Окумуштуу А.В.Толстых белгилегендей, улан-кыздар курагы инсандын өнүгүүсүндө экинчи өткөөл мезгил болуп саналат [4].

Улан-кыздар курагы чоңдордун жашоосунун гана башталышы жана өзүнчө бир жазылган нерсени кайрадан жаңылантып жазып койчудай черновик катары кабылданат. Бирок ушул мезгилде тандалган жолдор чоң кишинин жашоосунда көптөгөн нерсени аныктайт. Балалык курак артта калып, негизинен, бардык психикалык функциялар калыптанып, инсандык жактан стабилдешүү мезгили болот.

Улан-кыздар курагы - бул жашоо жолун тандоо мезгили. Улан-кыздар көздөгөн максаттары аткарылабы же аткарылбай калабы, ага карабастан пландарды курушат. Алдыга коюлган максаттын аткарылышы башында тандап алган кесиби боюнча иштөө, ЖОЖдо окуусу, кээ бир учурларда үй-бүлө куруу учурлары кездешет. Келечекте кесип тандоо чечими дүйнөгө болгон көз карашы инсандын адеп-ахлактык чөйрөсүнүн өнүгүшү менен тыгыз байланышта болот. Милдет сезиминин жана өзүнүн жүрүм-турумуна болгон жоопкерчиликтин өнүгүүсү улан-кыздар курагында адеп-ахлактык өнүгүүнүн көрсөткүчү боло алат.

Жоопкерчилик үч компоненттин биримдигинде: когнитивдүү, мотивациялык, жүрүм-турумда көрсөтүлөт [9].

*Жоопкерчиликтин когнитивдүү компонентинин* өнүгүүсүнүн негизин

социалдык-адеп-ахлактык нормаларды таанып-билүү түзөт.

Жоопкерчиликтин мотивациялык компоненти баланын социалдык кызыгууларынын чөйрөсүнүн кеңейиши жана инсандын коомдук багыттуулугунун калыптанышы менен байланышта болот. Өсүп келе жаткан муундар коомдун жашоосунда өздүк катышуусун сезе билишет жана ошону менен бирге алар үчүн жаңы ишмердүүлүктүн чөйрөсүндө, мамилелерде жоопкерчиликтин нормаларынын чектерин белгилей билишет. Өзүн-өзү контролдоо жана өзүн-өзү жөнгө салуусу абийирдин, адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү баалоо касиеттеринин калыптанышынын керектүү учуру болуп саналат.

*Жүрүм-турум компоненти* реалдуу, жоопкерчиликтүү жүрүм-турумда өздөрүнүн жоро-жолдоштору, чоң адамдар менен болгон пикир алышуу процессинде, социалдык жана окуу ишмердүүлүгүндө көрүнөт.

Өзүн-өзү контролдоо жана өзүн-өзү жөнгө салуусу абийирдин, адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү баалоо касиеттеринин калыптанышынын керектүү учуру болуп саналат.

Адеп-ахлактык өнүгүү - сапаттык жана сандык өзгөрүүлөрдүн процесси, нравалык жетилүүнүн жогорку деңгээлге өтүүсү десек болот. Бул өнүгүү негизги компоненттердин: социалдык чөйрөнүн, тарбиянын жана өздүк тарбиянын биримдигинде жүрөт. Адеп-ахлактык өнүгүүнүн функциялары адамдын аң-сезимине коомдун моралдык принциптерин, нормаларын жеткирүүсүнө багытталат. Адеп-ахлактык өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп моралдык талаптардын деңгээлинин жана анын аткаруу даярдыгынын, мүмкүнчүлүгүнүн ортосунда карама-каршылыктын түзүлүшү саналат.

Улан-кыздар курагынын психологиялык өзгөчөлүгү болуп, келечекке умтулуусу саналат. Бул куракта инсандык өнүгүүнүн негизги фактору болуп, келечекке карата жашоо пландарын куруу, жашооо перспективаларды сезе билүүсү эсептелет.

*Жашоо планы* кеңири түшүнүк, ал өз ичине инсандын өзүн-өзү аныктоо чөйрөсүн камтыйт (жашоо стили, эмгектенүүсү, киреше деңгээли ж.б). Көпчүлүк учурда улан-кыздар курагында жашоо пландары так болбойт. Алар жөн гана өз кыялдануусунда ар кандай ролдордо элестетишет.

Жашооо пландары деп келечектеги максат гана эмес, ага жетүү жолдорун аныктап, жаш инсан өзүнүн субңективдүү жана обңективдүү ресурстарын баалоого умтулуусу болгон учурун айтабыз. Л.С.Выготский жашоо пландарын инсандын өзүнүн ички дүйнөсүн ээлөөсү, чындыкка болгон ыңгайланышуу системасынын көрсөткүчү катары белгилеген. *Алдын ала өзүн-өзү аныктоосу, келечекке жашоо пландарын куруу улан-кыздар курагынын* ***борбордук психологиялык жаңы түзүлүшү*** *болуп саналат.*

Улан-кыздар курагынын акыркы мезгилинде психиканын инттеграцияланышына, *жашоонун маңызына* ыңгайлуу шарттар түзүлөт.

Улан-кыздар курагында өнүгүүнүн социалдык кырдаалы (алгачкы мезгилиндей эле) – жашоо жолун тандоо кырдаалы болуп саналат. 16-17 жашта белгиленген пландардын ишке ашыруусу башталат. 19-20 жашар улан-кыздар өздөрүнүн жашоодогу негизги кыйынчылыктарын жоопкерчиликтин пайда болушу менен байланыштырышат жана ушул эле мезгилде өз курагын баалашат, анткени жаңы проблемалардын пайда болушунун, жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө жол

ачылышы мүнөздүү болот [6].

*Улан–кыздар курагында жашоо жолунун негизги варианттары:*

- ЖОЖдо билим алуу;
- Жумуш издөө, уландар үчүн аскерде кызмат өтөө;
- Коомдон качуу (кылмыш кылуу, аракечтикке берилүү, баңги заттарды колдонуу).

*ЖОЖдо билим алуу.* Россиялык психологдордун изилдөөлөрүнүн негизинде XX-кылымдын 90-жылдарынын башында билимдин баалуулугу кыйла төмөндөп, ал эми 90-жылдардын аягында кайрадан билим алуу жогору тенденцияны ээлегенин байкашкан [5].

Көптөгөн бүтүрүүчүлөр окуусун улантууну каалашат. Окуусун улантууга ар кандай себептер бар:

- өзү каалаган кесиби боюнча билим алгысы келгендер;
- ата-энесинин каалоосун канааттандыруу үчүн;
- досуна компания түзүү үчүн;
- карьерасын жогорулатуу үчүн, ийгиликтүү турмушка чыгуу үчүн;
- аскерде кызмат өтөөдөн качуу.

Азыркы мезгилде студенттер окууну улантуу менен иштеп кетүүнүн төмөнкү оң жана терс жактарын белгилешет:

Окууну улантуунун оң жактары: ЖОЖ керектүү билим, билгичтиктерди калыптандырат, өнүгүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, тиешелүү квалификацияга ээ болуп, бир аз болсо да бала бойдон калууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Окууну улантуудагы терс жактары:

- практикалык тажрыйбага ээ болбойт;
- ата–энеден көз каранды болот деп эсептешет.

Эмгектенүүнүн оң жактары:

- материалдык жактан көз каранды эмес;
- өз алдынчалуулукка ээ болот;
- жашоо тажрыйбасы кеңеет.

Эмгектенүүнүн терс жактары:

- квалификациясы жоктугуна байланыштуу кызыктуу иш табууда кыйынчылыктар туулат;
- квалификациянын жоктугуна байланыштуу аз төлөнгөн эмгек акысы;
- инсандык өнүгүүгө мүмкүнчүлүк чектелүү болот.

ЖОЖго тапшыруунун мотивдери студенттик жашоонун стилдерин аныктайт. Эгерде улан-кыздар өз каалоосу менен эмес, ата-энеси тарабынан окууга жөнөтүлсө, анда мындай студенттер окууга эмес оюн-зоокко убактысын көбүрөөк бөлүшөт. Учурда мындай студенттер ЖОЖдон чыгарылып калуусу мүмкүн, же болбосо кайсы бир курста келечеги тууралуу ойлонуп көрүп, ЖОЖду ийгиликтүү аяктап кетиши байкалат.

Батыш психологиясында изилдөөчүлөр студенттик жашоонун стилин өзгөчө субкультура менен байланыштырышат. Ф. Райс колледждин субкультурасынын 4 тибин бөлүп көрсөтөт [9].

Биринчи тибине - окуу жайды эс алуучу жайга айландыргандар. Жашоонун негизги маңызы кечелер, ичимдик ичүүлөр, спорт, автомобилдер, ал эми окуу сабактарын экинчи планга койгондор кирет.

Экинчи тибине - кесиптик субкультура, т.а., окууга болгон багыттуулугу, өз кесибине ээ болуу аракеттери менен мүнөздөлөт.

Үчүнчү тиби - академиялык субкультура, анын баалуулугу диплом эмес, билимдер, идеялар, окуу программасынан тышкары билимдерди өздөштүрүү саналат.

Төртүнчү тибин, нонконформисттик субкультураны интеллектуалдар, көрүнүктүү инсандар түзөт.

Көптөгөн мектеп бүтүрүүчүлөрү окуусун улантпай, эмгек жолун тандагандар ар кандай кыйынчылыктарга кабылышат. Көпчүлүк улан-кыздар үчүн тигил же бул ишмердүүлүктү тандоодо кыйынчылык туулат. Мындай учурда улан-кыздар чөйрөдөгүлөр менен тил табыша билүүсү зарыл, өзүн ар тараптуу көрсөтүүгө жөндөмдүү болууга тийиш. Жогорудагы проблемалар өзүн башкаларга таанытуу проблемасы тажрыйбанын аздыгынан, өзүнө болгон ишенимдин жоктугунан өрчүшү мүмкүн.

Аскерде кызмат өтөө жашоонун бир кыйла өзгөрүүсү менен байланыштуу. Күн тартиби, дене жагынан болгон оор жүк, чоңдорго кыңк этпестен баш ийүү - көпчүлүк уландар үчүн татаал сыноо болуп саналат. Бирок аскердик жашоодо бир катар жеңилдиктер бар: күнү так саатка бөлүнөт, өзү эч нерсени пландаштырбайт, иштин натыйжасына жооп бербейт.

Азыркы учурда аскерде кызмат өтөө эки оор проблема менен байланыштуу:

1. согуш очокторуна жөнөтүлүү мүмкүнчүлүгү;
2. улуулардын үстөмдүк кылуусу (дедовщина) .

Жогоруда аталган орчундуу эки проблема өз учурунда, инсанда оң жана терс сапаттарды калыптандырышы мүмкүн. Аскер кызматы согуш болуп жаткан аймакта жүрсө, согуш отуна кабылган уландардын өздүк аң-сезими, баалуулуктары, дүйнөгө болгон көз караштары бүтүндөй өзгөрөт. Көпчүлүк учурда уландар психотерапиялык жардамга муктаж болушат.

Улуулардын үстөмдүк кылуусу армияда кызмат өтөөгө криминалдык субкультуранын кириши менен байланышта. Иерархиялык мамилелердин түзүлүшүндө солдаттардын эки топко мурун келгендер жана жаңы келгендер болуп бөлүнүшү байкалат. Жаңы келгендер бардык жумушту аткарууга аргасыз болуп, шылдыңдоолорго, зордук-зомбулукка дуушар болушат. Кийинчерээк, убакыт өткөн сайын алар кайрадан жаңы келгендерден өч алууга аракеттенишет. Агрессиянын негизги стимулу болуп адамдардын үстүнөн бийлик кылуу сезими эсептелет.

Улуулардын үстөмдүк кылуусунун негизинде көптөгөн уландар өз өмүрүн кыюуга барышат (аскер кызматын өтөп жаткан, аскер кызматынан бошогон мезгилде).

Эгерде уландар бардык кыйынчылыктарды башынан өткөрсө, ал психологиялык жактан өзгөрүп, эрте жетилет, күчтүү болуп, өздүк аң-сезими, баалуулуктары, дүйнөгө болгон көз карашы өзгөрөт. Же болбосо тескерисинче, агрессивдүү адамдын деңгээлинде кекчил болуп калышы байкалат.

*Коомдон качуу* улан-кыздар курагында жашоонун уюштуруунун дагы бир варианты болуп саналат. Окуйбу же иштейби, ага карабастан, уландар баңги заттарды колдонуу, диний секталарга кирүү жолун жана эң эле коркунучтуу

формасы өз өмүрүн кыюуга (суицид) барышы мүмкүн. Мындай жашоо жолунун вариантын тандоо толугу менен аң-сезимдүү деп айтууга болбойт. Бул учурда өзүн-өзү аныктоо маселеси чечилбестен, мындай изденүүлөр кандайдыр бир кыйынчылыкка такалганын көрсөтөт.

Улан-кыздар курагында ар кандай секталарга кирүүсү бүтүндөй үй-бүлө менен болгон байланышынын үзүлүшүнө алып келиши мүмкүн, өзүнүн башчысына бардык мүлкүн берүүдөн да баш тартпайт. Инсандык жактан дагы терс көрүнүштөргө: оорулуу деңгээлдеги көз карандылык, башка адамдар менен байланыш түзүүдө жөндөмүнүн жоктугу жана өз алдынча ойлонууда жөндөмсүздүккө дуушар болот. Азыркы мезгилде мындай көрүнүштөр көп кездешет.

Баңги заттарын эрте өспүрүм, улан-кыздар курагында колдонгондор көбүрөк өлүмгө дуушар болушат. Баңги заттарды колдонуу инсанда терс сапаттарды калыптандырат. Мисалы, адамдар эртеңки келечеги тууралуу ойлонбой, бир күндүк жашоо менен жашашат.

Коомдон качуунун эң эле акыркы жана трагедиялык формасы болуп –өз өмүрүн кыюу (суицид), жашоодон кетүүсү саналат.

Ошентип, улан-кыздар курагы - өз алдынча, чоңдордун жашоосунун биринчи мезгили болуп, тагдырына, бүтүндөй кийинки жашоосуна болгон жоопкерчилик бул курактык этаптын өзгөчөлүгүн аныктайт. Айрым улан-кыздар жашоо пландарын ишке ашырууну орундата баштаса, кээлери жашоодогу изденүүлөрүн улантышат. *Бүтүндөй өзүн аныктоосу, жашоодо орун табуу этабынын башталышы* бул курактын борбордук, курактык жаңы түзүлүшү болуп эсептелет.

Адабияттар:

1. Абрамова Г.С. Возрастная психология. - М.: Академический проект. - Екатеринбург: Деловая книга, 2000.
2. Божович Л.И. Избранные психологические труды. /Под ред. Д.И.Фельдштейна. - М.: Просвеүение, 1978.
3. Жумалиева Ж. Жаш курак психологиясы. – Бишкек, 1999.
4. Кон И.С. Психология ранней юности. - М.: Просвеүение, 1989.
5. Кулагина И.Ю., Колюцкий В.Н. Возрастная психология: развитие человека от рождения до поздней зрелости. - М.: Сфера, 2005.
6. Мухина В.С. Психология детства и отрочества. – М.: Институт практической психологии, 1998.
7. Немов Р.С. Психология. В 3 кн. Кн.2 - М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 1998.
8. Палагина Н.Н. Психология развития и возрастная психология. Уч. пособие для вузов. - Бишкек: Изд-во КРСУ, 2005.
9. Сорокоумова Е.А. Возрастная психология. Краткий курс. - СПб.: Питер, 2007.